Келчи кайра

Андан бери сан жыл отту арыштап,

Ал кундордой сен да кеттин алыстап.

Араздашпай алысташын себепсиз,

Азыр дагы бир мен учун табышмак.

Сен гул болдун бир суктантып жашынган,

Сен куш болдун, кокус колдон качырган.

Арабызды айлар жылдар болсо да,

Ашыктыгым бир озуно ашынган.

Багым даяр сени кутуп анкыган,

Жаным даяр сени кутуп балкыган.

Кадырына жетээр кезим ушул кез,

Кайкып учуп кайра келчи каркырам.